Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И. Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин кесиптик бирлигинин чогулушунун

№5 токтому

12.10. 2022

Катышканы-41

Күн тартибинде карала турган маселелер:

1. Баткен областында болуп өткөн окуядан жабыр тарткан мугалимдерге жардам көрсөтүү

Биринчи маселе боюнча мектеп кесиптик бирлигинин төрайымы Токурова сөз сүйлөдү.

Угулду: Урматтуу! Эмгек жамааты, өзүңүздөр билгендей Баткен областында эки элдин ортосунда чек ара маселеси боюнча болуп өткөн окуядан көптөгөн элдер жабыр тартышты.Алардын арасында 75 мугалимдин үй булөсу да бар.45 мугалимдин үй бүлөсүнүн абалы оор .Ошого байланыштуу мугалимдер майрамына карата профсоюз уюму тарабынан бөлунгөн 2000сом (эки миң сом ) акчаны жабыр тарткан мугалимдерге жардам катары которуп коюуу маселесин сиздер менен талкуулап алсак, өзүңүздөрдүн ой-пикириңиздерди билдирсеңиздер.

Жарыш сөзгө кыргыз тили мугалими Сайпидинова Уриниса чыкты.

Угулду: Баткенде болуп өткөн окуянын кесепетинен жабыр тарткан элге эмгек жамааты акчалай жардам көрсөттүк ,ушул майрам учун бөлүнгөн акчаны да өз кесиптештерибизге которолу.Менин жеке оюм,баарыныздар деле биздин оюбузга кошуласыздарго деген ойдомун.

Кийинки жарыш сөзгө окуу бөлумүнүн башчысы Мурзакулова чыгып ,ал да өз сөзүндө жогоруда айтылган сунуштарды колдоосун билдирип өттү

Жогорудагыларды угуп талкуулап, жыйындын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1. Мугалимдердин майрамына карата профсоюз уюму тарабынан берилүүчү 2000сом (эки миң сом) акчаны Баткен окуясынан жабыр тарткан мугалимдин үй бүлөлөрүнө которулсун

Профком: Токурова Н

Кызыл- Кыя шаарындагы 313 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим беруу мектебинин кесиптик бирлигинин чогулушунун

№6 протокол

Өтүлгөн кун – 21.11.2022

Катышканы-44

Кун тартибинде каралуучу маселе:

1.Эмгек жамаатынан 2 адамды ден соолугун чындоо максатында Жалал –Абад курортуна эс алууга жөнөтүү

Маселе боюнча кесиптик бирлик уюмунун төрөайымы Токурова Н созсуйлөду:

Угулду; Урматтуу эмгек жамааты кесиптик бирлик уюму тарабынан биздин эмгек жамаатыбызга ден соолукту чындоо максатында Жалал-Абад курортуна 2путевка берилди.Биздин эмгек жамаатыбыздан мага тарых мугалими Туманов Куштар жана дене тарбия мугалим Пазылов Арстан агай ден соолуктарына байланыштуу курорт санаторияларга барууга арыздык кайрылуу жазышкан.Ушул кызматкерлерди эс алууга жөнөтүү боюнча оз ойлорунуздарды билдире кетсениздер.

Жарыш сөзгө башталгыч класс мугалими Идрисова Миргул чыкты.

Угулду: Жогоруда кайрылган мугалим экөө тен көп жылдардан бери тынымсыз эмгектенип келе жатышат. Мектебибизге кошкон салымдары да жогору.Агайлардын барып дем алып келүүсүн сунуштайм

Кийинки жарыш сөзгө орус тили мугалими Мурзалиева З чыкты.

Угулду:

Мен да эки агайдын баруусун сунуштайм.Анткени экөө ден соолуктарына байланыштуу ден соолуктарын чындоо максатында курортко барууга кайрылуу жазышыптыр.

Жогоруда айтылган сунуштарды угуп ,талкуулап эмгек жамааты төмөнкүдөй чечим кабыл алышты

Чечим

1.Жалал-Абад курортуна тарых мугалими Туманов Куштар жана дене тарбия мугалими Пазылов Арстан ден соолуктарын чындоо максатында эс алып келүүгө жөнөтүлсүн

Кесиптик бирлик уюмунун төрөайымы: Токурова Н

Катчы: Боркобаева Г

Кызыл- Кыя шаарындагы 313 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим беруу мектебинин кесиптик бирлигинин чогулушунун

№7 протоколу

Өтүлгөн кун - 6.12.2022

Катышканы-40

Кун тартибинде каралуучу маселе:

1.Эмгек жамаатынан 2 адамды ден соолугун чындоо максатында Жалал –Абад курортуна эс алууга жөнөтүү

Маселе боюнча кесиптик бирлик уюмунун төрөайымы Токурова Н сөз сүйлөдү:

Угулду; Урматтуу эмгек жамааты кесиптик бирлик уюму тарабынан биздин эмгек жамаатыбызга ден соолукту чындоо максатында Жалал-Абад курортуна 2путевка берилди.Биздин эмгек жамаатыбыздан мага башталгыч класс мугалимдери Муллаянова, Разакова З, Пайзилдаева З жана тех кызматкери Кенжебаева Урпия эже ден соолуктарына байланыштуу курорт санаторияларга баруугa арыздык кайрылуу жазышкан.Ушул кызматкерлерди эс алууга жөнөтүү боюнча өз ойлоруңуздарды билдире кетсениздер.

Жарыш сөзгө башталгыч класс мугалими Муллаянова Зулфия чыкты.

Угулду: Мен уй шартыма байланыштуу эс алууга баралбайм. Жогоруда кайрылган мугалим экөө тен көп жылдардан бери тынымсыз эмгектенип келе жатышат. Мектебибизге кошкон салымдары да жогору.Мен Разакова Зыба жана Пайзилдаева эжекелердин барып дем алып келүүсүн сунуштайм

Кийинки жарыш сөзгө тех кызматкери Кенжебаева Урпия чыкты.

Угулду: Мен да турмуш шартыма байланыштуу эс алууга баралбайм

Мен да эки эжекенин баруусун сунуштайм.Анткени экөө ден соолуктарына байланыштуу ден соолуктарын чыңдоо максатында курортко барууга кайрылуу жазышыптыр.

Жогоруда айтылган сунуштарды угуп ,талкуулап эмгек жамааты төмөнкүдөй чечим кабыл алышты

Чечим

Жалал-Абад курортуна башталгыч класс мугалимдери Разакова Зыба жана Пайзилдаева Зубайда эжекелер ден соолуктарын чыңдоо максатында эс алып келүүгө жөнөтүлсүн

Кесиптик бирлик уюмунун төрөайымы: Токурова Н

**Кызыл-Кыя шаардык №13 И. Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин профсоюз уюмунун чогулушу**

**№8 токтому**

15.12. 2022-ж.

Катышканы-36

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1.Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Баткен областтык комитетинин "Ардак грамотасына" мугалимдерди көрсөтүү.

Мектептин профоюз уюмунун төрөайымы Токурова Наринса төмөнкүлөргө токтолуп кетти:

Угулду: Урматтуу эмгек жамааты быйылкы окуу жылында Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Баткен областтык комитетинин "Ардак грамотасына" көп жылдан бери эмгектенип келе жаткан мугалимдерден кимдерди көрсөтөсүздөр. Мына ошол наамга өз ишине тың, жоопкерчиликти сезген, коомдук иштерге активдүү катышкан, тажрыйбалуу мугалимдердин арасынан эки мугалимди көрсөтүүбүз керек. Өз пикирлериңиздерди, сунуштарыңыздарды айтсаңыздар.

Жарыш сөзгө мектептин башталгыч класс мугалими Разакова Зыба эжеке чыгып сөз сүйлөдү.

Угулду: ал өз сөзүндө Туманов Куштар Кадыралиевич агай жана башталгыч класс мугалими Шишманова Назиле татыктуу экендигин айтып өттү, анткени бул мугалимдер тажрыйбалуу, өз ишине жоопкерчиликтүү.

Кийинки жарыш сөзгө мектептин кыргыз тили мугалими Жумаева Асылкан эжеке чыкты.

Угулду: Жумаева Асылкан эжеке да, Туманов Куштар Кадыралиевичти сунуштады. Агай көп жылдан бери тарых мугалими болуп үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Ал жыл бою өзүнүн адистиги боюнча талыкпай изденип, окуучуларга өзүнүн билим тарбиясын берип келди .Шаар жана мектеп ичинде өткөрүлүүчү конкурстарга, коомдук иштерге өтө активдүү уюштуруучулук менен катышып келүүдө. "Жыл мугалими -2009 " сынагынын катышуучусу. Кызыл-Кыя шаарыбыздын 120 жылдык маарекесине карата шаардык денгээлде " Менин шаарым" деген тарбиялык сабак өттү. 2020-2021-окуу жылында мектеп ичинде 8-класс окуучуларына тарых сабагынан "Элдик оюндар" деген темада ачык сабак өттү. Быйылкы окуу жылында шаардык денгээлде 6-класс окуучуларына "Байыркы Египеттин цивилизациясы" деген темада жогорку денгээлде ачык сабак өттү.Учурда "Санарип мугалим Дубай" конкурсуна катышып 3-орунду ээлеп "Төш белги"менен сыйланды.

Шишманова Назиле эжеке да өтө тажрыйбалуу мугалим.Эжеке окуучуларга өз билим тарбиясын берип келүүдө.Мугалимдерден да өз жардамын көрсөтүп келе жатат

"Кесипкөй мугалим "конкурсунун жеңүүчүсү Ошондуктан Билим жана илим кызматкерлеринин Баткен областтык комитетинин "Ардак грамотасына" туура көрсөттүк деп ойлоймун.

Жогорудагылардын сөздөрүн угуп, талкуулап, баары бир добуштан колдоп, төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

Билим жана илим кызматкерлеринин Баткен областтык комитетинин “Ардак грамотасына” Туманов Куштар жана Шишманова Назиле көрсөтүлсүн.

Профком: Токурова Н

Катчы: Боркобаева Г

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин баштапкы кесиптик бирлигинин жыйынынын

№1 токтому

20.01.2023-ж

Катышканы-40

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1) Профсоюз уюмунун бир жыл ичинде аткарган иштеринин отчету
2) Профсоюз уюмунун 2023-жылына карата түзүлгөн иш планын бекитүү

Профсоюз уюмунун төрөайымы Токурова сөзгө чыгып ,2022-жылында аткарылган иш-чаралар боюнча маалымат берди.Ал сөзүндө жыл ичинде эмгек жамаатынан 6 адам ден соолугун чыңдоо максатында курорт санаторияларга барып эс алып келгенине,андан сырткары эмгек жамаатынын 9 мугалимдин баласы жайында балдардын жайкы эс алуу лагеринде дем алгандыңгына токтолуп кетти .Баткен областтык профсоюз комитети тарабынан 2 мугалим "Ардак громата"ээлери болушканын белгилеп кетти.Майрамдык кечелерге жана эмгек жамаатынын 1 күндүк жайкы эс алуусуна жалпысынан 9000сом (тогуз мин сом ) акча каражаты бөлүнгөндүгүн айтып өттү

Жарыш сөзгө тарых мугалим Туманов Куштар чыкты

Угулду : Профсоюз уюмунун жылдык отчетун уктук ,менин оюмча профсоюз уюмунун иши канааттандыраарлык.

Кийинки жарыш сөзгө кыргыз тили мугалими Маматисман кызы Айзирек чыкты.

Угулду : Мен да Куштар агайдын сөзүнө кошулам

Жогоруда айтылган маалымат, сунуштарды угуп ,талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1.Профсоюз уюмунун 2022-жылында аткарган иштери канааттандыраарлык деп табылсын.

Экинчи маселе боюнча профком Токурова Н сөзгө чыгып ,2023-жылына карата түзүлгөн иш  мерчеми менен тааныштырып өттү.

Жарыш сөзгө окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова Айзирек чыкты.

Угулду: Саламатсыздарбы, профком Токурованын 2023-жылына карата түзүлгөн иш мерчеми менен тааныштык. Планда аткарылуучу иштердин баары камтылган.

Жыйын катышуучулары иш мерчеми менен таанышып , жогоруда айтылган сунуштарды угуп,талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1.Мектеп кесиптик бирлигинин 2023-жылына карата түзүлгөн иш мерчеми бекитилсин

Профком: Токурова Н

Катчы: Боркобаева Г

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И. Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин кесиптик бирлигинин чогулушунун токтомунан көчүрмө

11.02. 2023 Катышканы-44

Күн тартибинде карала турган маселе:

1. Турция мамлекетинде болуп өткөн окуядан жабыр тарткан түрк элдерине жардам көрсөтүү

Биринчи маселе боюнча мектеп кесиптик бирлигинин төрайымы Токурова Н сөз сүйлөдү.

Угулду: Урматтуу! Эмгек жамааты, өзүңүздөр билгендей Турция мамлекетинде болуп өткөн окуядан көптөгөн элдер жабыр тартышты.Элдердин абалы оор,биз да акчалай түрдө бир күндүк эмгек акыбызды которсок. Бирок айлык акы төлөө эсебинде акча каражаты жок болгондуктан, акчаны накталай түрдө жабыр тарткан элдерге жардам катары которуп коюуу маселесин сиздер менен талкуулап алсак, өзүңүздөрдүн ой-пикириңиздерди билдирсеңиздер.

Жарыш сөзгө кыргыз тили мугалими Сайпидинова Уриниса чыкты.

Угулду: Турцияда болуп өткөн окуянын кесепетинен жабыр тарткан элге эмгек жамааты акчалай жардам көрсөтөлү, менин жеке оюм,баарыныздар деле биздин оюбузга кошуласыздарго деген ойдомун.

Кийинки жарыш сөзгө мектептин кыргыз тили мугалими Маматисман кызы Айзирек чыгып ,ал да өз сөзүндө жогоруда айтылган сунуштарды колдоосун билдирип өттү.Өткөндө Баткенде болуп өткөн окуяга мугалимдер 300сомдон,тех кызматкерлери тарабынан 200сомдон берилген.Турцияга жардамга да ушул суммада акча которсок.

Жогорудагыларды угуп талкуулап, жыйындын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1. Турция мамлекетинде болуп өткөн окуяга байланыштуу,түрк элине акчалай жардам катары мугалимдер 300 (үч жүз ) сомдон ,тех кызматкерлери 200 (эки жүз) сомдон накталай түрдө акча которулсун.

Профком: Токурова Н

Катчы: Боркобаева Г